КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЧҮЙ ОБЛАСТЫ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА

---

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧҮЙ ОБЛУСУНУН ПАНФИЛОВ РАЙОНУНДАГЫ КУРАМА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

**Курама айылдык кеңештин депутаттарынын 10-чакырылышынын кезектеги 9-сессиясынын**

## № 22/1 ТОКТОМУ

"31" июль 2025-жыл Панфилов айылы

**Курама айыл аймагындагы таштандыларды чогултуу акысынын жана таза суунун тарифин жогорулатуу жөнүндө**

Курама айыл аймагындагы "Курама-Суу" Муниципалдык ишканасынын директору М.С.Тынаевдин маалыматын угуп жана талкуулап, таштандыларды чыгаруу үчүн жыйым нормасын жана таза суунун тарифин жогорулатуу зарылдыгы жөнүндө Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 73,74,75,76-беренелерине ылайык жана "Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамын жетекчиликке алып, Курама айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Курама айыл аймагында 01.07.2025-жылдан тартып таштандыларды чыгаруунун жана чыгаруунун тарифи:
   - жеке жактар үчүн жаш курагына карабастан айына ар бир үйдөн 100 (жүз) сом жана ар бир үй үчүн кошумча 50 (элүү) сом өлчөмүндө айыл өкмөт тарабынан "Курама-Суу" муниципалдык ишканасына субсидия катары төлөнсүн.
   - юридикалык жактар үчүн менчигинин түрүнө жана кызматкерлеринин санына карабастан айына келишимдин негизинде белгиленсин.
2. Курама айыл аймагында 01.12.2025-жылдан тартып таза суунун тарифи:
   - жеке жактар үчүн жаш курагына карабастан айына ар бир үй үчүн суу эсептегичтердин көрсөткүчтөрүнө ылайык, 1 $м^3$ үчүн 50 сом (элүү) өлчөмүндө белгиленсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы "Курама-Суу" Муниципалдык ишканасынын директору М.С.Тынаевга жана Курама айылдык кеңешинин жооптуу катчысына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.К. Джумагулов**